- недоступность для научных организаций дорогостоящего научного оборудования;
- отсутствие льготного налогообложения средств, затрачиваемых на инновации, в том числе на научные исследования;
- недостаток молодых кадров.

В связи, с чем будут продолжены оптимизация структуры научных учреждений и совершенствование законодательно-правовой базы науки, установление приоритетных направлений развития науки, использование различных гибких форм финансирования, совершенствование системы подготовки кадров и привлечения молодежи, активизация инновационной деятельности, развитие интеграционных процессов с образовательными учреждениями.

Национальная академия наук КР, обладая научным потенциалом, способна выдвигать и реализовывать крупнейшие инновационные проекты для обеспечения серьезных технологических прорывов и расширения наукоемких производств, в том числе в интересах национальной безопасности и экономики страны.

В НАН КР будет осуществляться дальнейшее формирование системы приоритетов развития научно-технической сферы, скоординированных с приоритетами развития секторов экономики страны для получения качественно новых, прорывных результатов в рамках реализации Национальной стратегии устойчивого развития страны и Стратегии развития НАН КР.

На современном этапе несовершенство нормативной правовой базы, регламентирующая правоотношения в сфере оборота прав на результаты научно-технической деятельности не позволяет достижениям отечественной фундаментальной науки стать инновациями. В результате они не приносят отечественной экономике той пользы, которую могли бы или остаются совсем невостребованными.

Как показывает практика многолетних научных исследований НАН КР научные разработки, готовые для внедрения, не востребованы, поэтому отсутствие системного

түрдөгү тапшырыктардын болбой жаткандыгы илимдин артыкчылыктуу багыттарын өнүктүрүүгө чоң тоскоолдуктарды жаратып жатат.

Ошондуктан, мамлекет илимий негиздүү саясатты да, жаңы технологияларды түзүүдө да илимий жетишкендиктердин эң башкы керектөөчүсүнө айланышы шарт. Колдонмо илим жана иштелмелер илимий жетишкендиктердин, анын арасында табигый илимдер менен техникалык дисциплиналар боюнча жыйынтыктардын негизги керектөөчүсү болууга багытталган. Мына ушул себептүү, жогорудагы маселени чечүүдө мамлекеттик тапшырыктар негизги компонент катары кызмат кылат да, жигердүү мамлекеттик инновациялык саясат өзгөчө актуалдуулукка ээ болот.

Жогорудагы маселелерди чечүүдө материалдык-техникалык базаны баштан-аяк өзгөртүү, ИИМдерди жана лабораторияларды заманбап талаптарга жооп берген жаңы жабдуулар менен камсыздоо чоң ролду ойнойт. Мында эл аралык фонддордун жана башка гранттардын каражаттарынын эсебинен прибордук паркты жаңыландыруу илимий-изилдөө иштерин жаңы деңгээлге жеткирүүдө өзгөчө ролду ойной албайт. Ошондуктан, материалдык-техникалык базаны академиялык институттардын тетиктер жана жабдуулар паркын жаңылаңдыруу программасын иштеп чыгуунун жана ишке киргизүүнүн жардамы менен мамлекеттик деңгээлде гана ишке ашырууга болот.

Белгилүү болгондой эле, ИИМдерди жана илимий кызматкерлерди бюджеттик камсыздоонун төмөн болушу илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларынын төмөн болушуна, илимий-техникалык чөйрөдө кадрлардын аз топтолушуна жана жаш кадрлардын жетишсиздигине алып келди. Мына ошондуктан азыркы тапта илимий мекемелерди кадрлар менен камсыздоо боюнча чараларды тезинен көрүүбүз зарыл.

Албетте, илим менен билим берүүнү интеграциялоо маселеси КР УИАнын артыкчылыктуу милдеттеринин бири болуп саналат. Ошондуктан, илимпоз-окумуштууларыбыз өлкө аймагындагы дээрлик баардык окуу жайлар менен иштиктүү жана чыгармачыл байланыштарды жүргүзүп келишет, ортодо алардын көпчүлүгү менен кызматташуу тууралуу келишимдер да түзүлгөн. Ошондой болсо да, тактап айканда илимде жаш кадрларды даярдоо маселесинде бир аз жакшыга өзгөрүү байкалганы менен жаш окумуштуулар ИИМ административдик

заказа на результаты научной деятельности является серьезным препятствием на пути развития приоритетных направлений науки.

В связи с этим, государство должно стать важнейшим потребителем научных достижений, как в плане формирования научно обоснованной политики, так при создании новых технологий. Прикладная наука и разработки призваны быть основными потребителями научных результатов, по крайней мере, в области естественнонаучных и технических дисциплин. Поэтому важным компонентом решения вопроса является, государственные заказы и особую актуальность приобретает активная государственная инновационная политика.

Особую роль в решении указанных задач призвано сыграть кардинальное улучшение материально-технической базы, обеспечение НИУ и лабораторий новейшими оборудованиями, отвечающим современным требованиям. Обновление приборного парка, осуществляемое за счет международных фондов и других грантов, не может сыграть решающую роль для ведения научно-исследовательских работ на современном уровне. Обновление материально-технической базы возможно только на государственном уровне, путем разработки и реализации программы переоснащения парка приборов и оборудования академических институтов.

Известно, что низкая бюджетная обеспеченность НИУ и научных работников привели к невысокой результативности научных исследований, утечке специалистов и недостатку молодых кадров в научно-технической сфере. Необходимо принимать безотлагательные меры по кадровому обеспечению наших научных подразделений.

Конечно же, вопрос интеграции науки и образования один из основных приоритетных задач НАН КР. Ученые тесно поддерживают деловые и творческие связи практически со всеми вузами республики, со многими из них подписаны двусторонние договора о сотрудничестве. Несмотря на это и некоторый прогресс в решении проблем воспроизводства молодых кадров в науке, в систему административного управления НИУ, научными исследованиями молодые исследователи практически не вовлекались и за прошедшие годы в системе управления



башкаруу системасына тартылган эмес, өткөн жылы ИИМди башкаруу системасында структуралык карама-каршылыктар да топтолгон болчу.

Системалык башкарууга мотивациянын изилдөөчүлөргө кесиптик жана иш карьерасынын жок болушу изилдөөчүлөрдүн илимден тышкары кетишине түрткү болду. Ошондуктан, окумуштууларга илимий изилдөөлөрдүн баардык этаптарында ЖОЖдордон баштап колдоо көрсөтүп, социалдык гарантиялар боюнча чараларды көрүү зарыл: бул үчүн окумуштуулардын эмгек акыларынын, илимий даража үчүн жөлөкпулдун өлчөмүн жогорулатып, турак жайга ээ болуу мүмкүнчүлүгүн (мамлекеттик ипотека же батир алуу үчүн акча каражаттарын берүү) берүү зарыл. Деги эле илимий-изилдөө иштеринин кадыр-баркын жогорулатып, илимге жаштарды тартууга шарт түзүүчү иш-чараларды жүргүзүү зарыл.

Улуттук илимдер академиясынын илимий жана башка көмөкчү кызматкерлеринин эмгек акыларынын өлчөмү өлкөдөгү орточо айлыктын деңгээлинен төмөн тургандыктан, социалдык колдоо заманбап талаптарга дал келбейт.

Өлкөнүн илимий потенциалынын натыйжалуу иш алып баруусу үчүн КР УИАнын кызматкерлеринин эмгек акыларын жогорулатуу билим берүү, илим жана илимий изилдөөлөр жагында стимул берүүчү негизге айланып, жогорку билимдүү адистердин иштен кетишинин санын азайтат, Кыргызстанды өнүктүрүү үчүн илим чөйрөсүндө фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөр менен тыгыз иштей турган жаштарды жана билимдүү адистерди тартууга шарт түзөт.

Илимди өнүктүрүүнүн жана технологиялык үзгүлтүк жасоонун ресурстары болуп эң алгач эле мамлекет (каржылоону ИДПнын 2%ына чейин жогорулатуу зарыл), анан өндүрүш, бөлүп каржылоо булагы, билим берүү системасы жана эл аралык кызматташуу эсептелет.

Илимий долбоорлорду мамлекеттик тапшырыктардын жана Улуттук илим фонду тарабынан конкурстук каржылоонун негизинде ишке киргизүү аркылуу илимий

НИУ накопились структурные противоречия.

Отсутствие системного управления мотивацией, профессиональным и карьерным ростом исследователей, привело к оттоку профессиональных исследователей из науки. Поэтому необходима поддержка ученых на всех этапах их научной деятельности, начиная мотивации в ВУЗах, принять меры по социальным гарантиям: необходимо увеличить размер заработной платы ученых, а также размер оплаты за степень, предоставить возможности приобретения жилья (государственная ипотека или предоставление непосредственно денежных средств на приобретение квартиры). Необходимо проведение всех мероприятий, которые позволят повысить престижность научно-исследовательской деятельности, вовлечь в науку молодежь.

Поскольку заработная плата научных и других работников Академии наук находится ниже уровня средней заработной платы по стране, социальная поддержка работников НАН КР не отвечает современным требованиям.

Для эффективной деятельности научного потенциала республики, повышение заработной платы работников НАН КР станет стимулирующей частью в области образования, науки и научных исследований, уменьшит отток высококвалифицированных специалистов, позволит вплотную заниматься фундаментальными и прикладными исследованиями на благо процветания Кыргызстана и даст возможность привлекать в сферу науки молодежь и квалифицированных работников.

Кроме того, ресурсами развития науки и технологического прорыва являются в первую очередь, государство как основной источник финансирования фундаментальной науки (увеличение финансирования до 2 % от ВВП), производство как создатель оборудования и других основных фондов науки, а также частично источник финансирования, затем система образования как поставщик необходимых квалифицированных кадров и международные связи, поставляющие научное оборудование, частично кадры науки и финансирование исследований.

Оптимизацию уровня научных исследований следует обеспечить через запуск научных проектов на основе государственного заказа и конкурсного финансирования Национальным

изилдөөлөрдүн деңгээлин оптимизациялоону камсыз кылуу керек. Мамлекет илимди, билим берүүнү, өндүрүштү жана ишкердикти өнүктүрүүнүн натыйжасында өлкөнүн экономикасына изилдөөлөрдүн жана иштелмелердин жыйынтыктарын трансферлөө боюнча мамлекеттик программаларды ишке ашыруу милдетин алышы зарыл.

Илимди, техниканы жана инновацияны өнүктүрүү боюнча жаңы системада Улуттук илимдер академиясын мамлекеттик бюджеттен Улуттук фонддун өз алдынча сабы менен каржылануучу жогорку илимий мекемеси катары белгилөө зарыл. Жыйынтыктап айтканда, КР УИАнын илимий изилдөөлөрүнүн ичинен колдонмо изилдөөлөрү мамлекеттик тапшырыктарга ылайык координацияланышы зарыл.

Илимди, технологияны жана мамлекеттик маанидеги инновациялык долбоорлорду өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын ишке ашыруудагы керектөөлөрдү эсепке алуу менен жогорку билимдүү илимий кадрларды даярдоону камсыз кылуу системасын жакшыртуу үчүн Жогорку аттестациялык комиссиянын өз алдынчалуулук статусун сактап калуусу зарыл шарттар болуп саналат.

ЖОЖдор, илимий-изилдөө мекемелери, илимий жана илимий-техникалык коомчулуктар КР УИАсы менен кызматташуунун концепциясын дагы тереңдетүү үчүн илим менен билим берүүнү интеграциялоого эки тараптуу аракет жасоо, фундаменталдык жана колдонмо илимди өнүктүрүү, өндүрүштү техникалык жана технологиялык кайра жабдуу, экономиканы өсүш, социалдык өнүгүү жана илимге деги эле колдоо көрсөтүү максатында КР УИАнын курамына ассоциациялашкан мүчөсү катары кирүүсү зарыл.

Инновациялык ишмердиктин стратегиялык максатын жана өлкө экономикасынын конкурент жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн КР УИАнын инновациялык системасы массалык иштеп чыгууга жана илим менен техниканын алдыңкы жетишкендиктерин өздөштүрүүгө ылайык келтирилиши керек.

Илимий-техникалык жана инновациялык ишмердикке ар тараптуу колдоо көрсөтүү үчүн мамлекеттик бийлик органдарынын рынок принциптерине ылайык иш жүргүзүүчү ар кандай менчик формасындагы ишканалар, өлкөдө иш жүргүзүүгө умтулуп жаткан Ата Мекендик инвесторлор менен өз ара кайтарымдуу жана ийгиликтүү ишти уюштуруп берүү зарыл.

фондом науки. Государство должно принять на себя ответственность за реализацию государственных программ по трансферу результатов исследований и разработок в экономику страны на базе сращивания науки, образования, производства и бизнеса.

В новой системе развития науки, техники и инноваций Национальную академию наук необходимо определить как высшее научное учреждение, финансируемое из госбюджета страны Национальным фондом отдельной строкой с выполнением государственных заказов от Правительства по части развития инновационной деятельности. Иначе говоря, прикладные исследования научных учреждений НАН КР должны координироваться в соответствии с государственными заказами.

Необходимыми условиями совершенствования системы обеспечения взаимосвязи уровня подготовки научных кадров высшей квалификации на основе учета потребностей реализации приоритетных направлений развития науки, технологий и важнейших инновационных проектов государственного значения, является сохранение независимого статуса Высшей аттестационной комиссии.

Для более углубленной Концепции сотрудничества между НАН КР и ВУЗы, научно-исследовательскими учреждениями, научными и научно-техническими обществами, им необходимо вступить в состав Национальной академии наук Кыргызской Республики, в качестве ассоциированного члена, в целях обоюдного содействия интеграции образования и науки, развития фундаментальной и прикладной науки, техническому и технологическому перевооружению производства, росту экономики, социальному развитию, поддержки науки в целом.

Для обеспечения стратегической цели инновационной деятельности и обеспечения конкурентоспособности экономики страны инновационная система НАН КР должна быть рассчитана на массовую разработку и освоение передовых достижений науки и техники.

Необходимо организовать плодотворное взаимодействие государственных органов власти, которые должны оказывать научно-технической и инновационной деятельности всестороннюю поддержку, с предприятиями различных форм собственности, действующими в соответствии с рыночными принципами, а также с отечественными инвесторами, стремящимися работать в стране.



КР УИАсы бизнес өкүлдөрү, мугалимдер жана студенттер үчүн коммуникациялык байланыш коммуникациялык аянттарын түзүп берүү аркылуу инновациялык ишкердиктин өз ара аракеттенишүүсүнүн борборуна айланышы зарыл. Мында КР УИАнын алдында уюштурулган кичи инновациялык ишканалар, Технопарктар жогорудагы байланыш аянттарынын өзгөчө түрү болуп калат.

КР УИАнын Технопаркы атаандаштыкка жөндөмдүү товарларды өндүрүүгө шарт түзүү, КР УИАнын илимий жана илимий-техникалык мекемелеринин инновациялык иштелмелеринин базасында кызмат көрсөтүүнү максат кылуу аркылуу КР УИАнын бардык илимий мекемесинин инновациялык ишмердигинин негизги координатору катары кызмат кылат.

Илимий ишмердикти өнүктүрүүнүн негизги вектору болуп дисциплиналар аралык жана эл аралык колдонмо изилдөөлөрдүн долбоорлорун көбөйтүү, келечектүү жаңы илимий багыттарды табуу жана колдоо көрсөтүү менен бирге эле КР УИАнын ИИМдери үчүн салттык мүнөзгө ээ болгон изилдөөлөрдүн фундаменталдык багыттарын сактап калуу эсептелет. Мында кандидаттык жана доктордук диссертацияларды коргоо боюнча иш-аракеттерди сапаттуу жаңы деңгээлге чыгаруу зарыл. Диссертациялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын илимий мааниге ээ болушу жана элге багытталгандыгына көңүл бурулмакчы. Диссертациялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын элге багытталгандыгы басмага даярдалган монографиялар, рейтингдик журналдарда жарыяланган макалалар, аларды цитата келтирүүгө жарамдуулук жана жыйынтыктарды практикада колдонуу тууралуу сунуштар түрүндө баа берилет.

Азыркы учурда бул багытта маалымат базаларын түзүү, 1991-жылдан берки публикациялардын баарын системага келтирүү аркылуу кандидаттык жана доктордук диссертациялардын сапатын көтөрүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлүп жатат.

КР УИАнын басма иши боюнча программасы басмада жарыялоо үчүн материалдарды эл аралык стандарттарга ылайык сунуштаган илимий кызматкерлер жана аспиранттар үчүн монографияларды, окуу китептерди, илимий макалаларды жарыялоо мүмкүнчүлүгү менен камсыздоосуна барып такалат. Туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук программага ылайык, тармактык изилдөө структурасы изилдөө ишинде ИИМ үчүн тиешелүү илимий проблематиканы камтыган изилдөө борборлорун түзүү аркылуу өнүгүшү керек.

НАН КР должна стать центром взаимодействия инновационного бизнеса посредством создания площадок коммуникации для представителей бизнеса, преподавателей и студентов. Особым видом таких площадок станут организованные малые инновационные предприятия, Технопарки при НАН КР.

Технопарк НАН КР служит основным координатором инновационной деятельности всех научных учреждений НАН КР, основной целью функционирования которого является организация выпуска конкурентоспособных товаров, оказание услуг на базе инновационных разработок научных и научно-технических учреждений НАН КР.

Основным вектором развития научной деятельности будет являться сохранение фундаментальных направлений исследований, традиционно характерных для НИУ НАН КР, с одновременным ростом междисциплинарных, межфакультетских и международных прикладных исследовательских проектов, выявлением и поддержкой новых перспективных научных направлений. На новый качественный уровень должна будет выведена работа по защите кандидатских и докторских диссертаций. Во главу угла должна будет поставлена научная значимость и публичность результатов диссертационного исследования. Публичность результатов диссертационного исследования будет выражаться в форме подготовленных к изданию монографий, опубликованных статей, в рейтинговых журналах, а также их цитируемость и направленных предложений об их практической реализации.

Уже сейчас проводятся меры по повышению качества кандидатских и докторских диссертаций, путем создания базы данных, систематизируя все публикации начиная с 1991 года.

Издательская программа НАН КР должна обеспечить возможность публикации монографий, учебников, научных статей и препринтов докладов для научных работников и аспирантов, представивших материал на уровне международных стандартов. Дальнейшее развитие должна получить сетевая исследовательская структура, посредством образования исследовательских центров, охватывающих в исследованиях профильную для НИУ научную проблематику, охватывая связь с Национальной стратегией

Фундаменталдык изилдөөлөрдүн негизги багыттары ИИМде багыттар боюнча проблемалык лабораторияларды түзүүгө көмөкчү болушу шарт. Бөлүмдөрдүн илимий-изилдөө иштерине комплекстик байкоо жүргүзүү, илимий кызматкерлердин эмгектери жарыялоо активдүүлүгүн материалдык стимулдаштыруу системаларын да жакшыртуу зарыл.

КР УИАнын Илимий-изилдөө мекемелеринин артыкчылыктуу багыттар жагындагы иштелмелеринин жана изилдөөлөрүнүн үлүшүн көбөйтүү эл аралык илимий кызматташууну өнүктүрүү боюнча ишмердиктин жыйынтыгы болуп калышы зарыл. Анда КР УИАсында гана эмес, эл аралык деңгээлде да актуалдуу деп эсептелген тематикалардагы ар тараптуу илимий изилдөөлөрдүн саны да көбөйөт. Бул эл аралык илимий долбоорлордогу активдүүлүктү жогорулатуу үчүн өбөлгө түзөт, ошону менен катар Web of Science жана Scopus илимий периодикасында публикациялардын, цитата келтирүүлөрдүн саны да өсөт. Чет элдик изилдөөчүлөр менен болгон кооперацияларда жүргүзүлүүчү эл аралык илимий-аналитикалык долбоорлордун тажрыйбасы бир топ эле кеңейет. Алдыңкы орунда турган илимий багыттар эл аралык келечектүү изилдөөлөр борборун түзүүгө көмөкчү болот.

Кадр саясатын турмушка ашыруу атаандаштыкка жөндөмдүү эмгек акы, кадрлардын келечектүү изилдөөлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгү, эмгекти эл аралык илимий бөлүшүүгө кошулгандык (академиялык мобилдүүлүк, КР УИАда өткөрүлүүчү эл аралык илимий семинарлардын жана конференциялардын саны), өлкөнү социалдык-экономикалык кайра түзүү процессинде институттун катышуу деңгээли аркылуу ишке ашырууга болот.

Кызматкерлерге материалдык эмес стимул берүү системасын өнүктүрүү зарыл. Тактап айтканда, ишке киргизилген сыйлоо жана сыйлык берүү системасынын негизинде кызматкерлердин эмгекке жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүгө стимул берүүчү натыйжалуу эмгек жасоо үчүн дифференциялык мотивация берүүнүн туруктуу механизмин түзүү зарыл.

Маалымат технологияларын өнүктүрүү ишин маалымат коомчулугуна интеграциялаштырылган, IT-бөлүмдөрдүн ишмердигинин негизги багыттарын оптимизациялаштыруучу – илимий-изилдөөчү жана башкаруу процесстеринде натыйжалуулукту жогорулатуучу бирдиктүү маалымат мейкиндигин түзүүгө багыттоо зарыл. КР УИАны Илимдер академиясынын илимий изилдөөлөрүнүн устойчивого развития. Основные направления фундаментальных исследований должны будут способствовать формированию в НИУ проблемных лабораторий по направлениям. Должна совершенствоваться комплексная система мониторинга научно-исследовательской деятельности подразделений и материального стимулирования публикационной активности научных работников.

Результатом деятельности по развитию международного научного сотрудничества должна стать увеличение доли разработок и исследований в области приоритетных направлений НИУ НАН КР. Возрастет число универсальных научных исследований с тематикой, актуальной не только в НАН КР, но и на международном уровне. Это создаст предпосылки для повышения активности в международных исследовательских проектах, существенно увеличиться число публикаций и цитирований в научной периодике, индексируемой в Web of Science и Scopus. Значительно расширится практика международных научно-аналитических проектов, проводимых в кооперации с зарубежными исследователями. Лидирующие научные направления будут способствовать созданию международных центров перспективных исследований.

Реализация кадровой стратегии должна осуществляться посредством конкурентоспособного уровня оплаты труда, академического уровня, возможность вести ими перспективные исследования, включенность в международное научное разделение труда (академическая мобильность, число международных научных семинаров и конференций, проводимых НАН КР), степень участия института в процессах социально-экономических преобразований страны.

Необходимо развивать систему нематериального стимулирования работников. На основе внедренной наградной системы необходимо сформировать устойчивый механизм дифференцированной мотивации работников к эффективному труду, стимулирующий раскрытие потенциала работников.

Развитие информационных технологий необходимо нацелить на формирование единого информационного пространства, интегрированного в информационное сообщество, оптимизирующее основные направления деятельности IT-подразделений в части повышения эффективности научно-исследовательских и управленческих процессов. Становление НАН КР как ведущего центра распростране-



артыкчылыктуу багыттары боюнча билимди жайылтуучу алдыңкы борборго айланышы анын жеке электрондук аянтчасында аспиранттар, илимий кызматкерлер, мамлекеттин жана коомчулуктун өкүлдөрү үчүн өнүккөн интерактивдик коммуникациялык байланыш чөйрөсүнүн болушу менен камсыздалышы керек.

КР УИА Маалымат-коммуникациялык технологияны билим берүү, илим жана инновация аркылуу билимге негизделген Коомду куруу жана өнүктүрүү үчүн кыймылдаткыч күч катары пайдалануу тууралуу сунушун берген.

Кыргыз Илимий жана билим берүүчү компьютер тармагынын (КНОКС) жана Борбор Азиянын Изилдөө жана билим берүү тармагынын инфраструктурасынын негизинде төмөнкү тиркемелерди жана кызматтарды өнүктүрүүнү улантуу зарыл: бул телемедицина, курчап турган чөйрөгө мониторинг жасоо, дистанттык билим берүү, электрондук китепканалар, электрондук маданият, видеоконференцияларды уюштуруу, маалымат базаларын түзүү, тармакка кошулуу үчүн билим берүү роумингинин (Eduroam) кызматтарын кеңейтүү.

Кыргыз Республикасын 2018-2040-жылдарга туруктуу өнүктүрүү боюнча «Таза Коом - Жаңы доор» улуттук программасындагы жана Жаңы доорго – Кырк кадам программасындагы максаттарга жетишүү жана алардын колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү үчүн адистердин билимин жогорулатып, зарыл билимди өздөштүрүүлөрү үчүн Маалымат технологиялары боюнча улуттук борбордун базасында МКТнын ар түрдүү багыттары боюнча окууларды, тренингдерди өткөрүү зарыл.

Уюштурулган структураны жакшыртуу иштери стратегиялык менеджмент принциптерин киргизүү аркылуу илимди уюштуруу системасын өнүктүрүүнүн негизги тренддерине ылайык жүргүзүлүшү шарт. Башкаруу структурасын модернизациялоо адамдардын санын оптимизациялоо жана башкаруунун натыйжалуулугун көтөрүү принциптеринен келип чыгышы зарыл. Анын илимий изилдөөлөрдүн, уюштурулма инновациялык структуралардын натыйжалуулугун жана сапатын көтөрүүдөгү ролун жогорулатуу үчүн курс уланышы кажет. Академиялык эркиндик принцибин өнүктүрүү талап кылынат.

Мындан тышкары ишмердикти бюджеттен тышкаркы каржылоонун булагын тартуу, гранттардын жана фонддордун каражаттарын түзүү жана пайдалануу боюнча ишмердикти активдештирүү зарыл.

ния знаний по приоритетным направлениям научных исследований НАН КР, должно быть обеспечено предоставлением на своих электронных площадках развитой интерактивной коммуникационной среды для аспирантов, научных сотрудников, представителей государства и общества.

НАН КР выступила с предложением использовать ИКТ как движущую силу для построения общества основанного на знаниях через образование, науку инновации и развитие.

На основе инфраструктуры Кыргызской Научной и Образовательной Компьютерной Сети (КНОКС) Центрально-Азиатской исследовательской и образовательной сети (CAREN) продолжить развитие следующих приложений и сервисов: телемедицина, мониторинг окружающей среды, дистанционное обучение, электронные библиотеки, электронная культура, проведение видеоконференций, создание баз данных, расширение сервиса образовательного роуминга (Eduroam) по доступу к сети.

На базе Национального центра информационных технологий проводить обучение и тренинги по различным направлениям ИКТ с целью повышения квалификации и приобретения необходимых навыков специалистами для развития применений и достижения целей Национальной стратегии по устойчивому развитию КР на 2018-2040 гг. «Таза Коом - Жаңы доор», Программы Жаңы доорго- Кырк кадам.

Совершенствование организационной структуры должна осуществляться в соответствии с основными трендами развития системы организации науки, внедрением принципов стратегического менеджмента. Модернизация управленческой структуры должна осуществляться исходя из принципов: оптимизации численности и повышение эффективности управления. Должен быть продолжен курс на возрастание роли в повышении качества и результативности научных исследований, инновационных организационных структур. Необходимо будет развивать принцип академических свобод.

Необходимо активизировать деятельность по привлечению внебюджетных источников финансирования деятельности, формированию и использованию средств грантов и фондов.

Илимий изилдөөлөрдөн түшкөн кирешелерди жогорулатуу чарбалык субъектилер, мамлекеттик башкаруу органдары менен түзүлгөн келишимдер боюнча илимий жана эксперттик-аналитикалык иштерди аткаруудан келип түшкөн пайданы көбөйтүүнүн эсебинен ишке ашырылышы зарыл.

КР УИАсы актуалдуу деп эсептелген фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүүнү улантуу менен бирге эле экономиканы инновациялык өнүктүрүү, академиялык инновациялык системаны динамикалык балансташтырып өнүктүрүү максаттарына туура келген илимий изилдөөлөргө жетишүүгө, Кыргыз Республикасын 2018-2040-жылдарга туруктуу өнүктүрүү боюнча «Таза Коом - Жаңы доор» улуттук стратегиясы жана «Жаңы доорго – Кырк кадам», Кадам 7: «Из калтырчу илим» программасы тараптан коюлган максат-милдеттерди аткарууга багытталган жогорку деңгээлдеги изилдөө борбору болуп калышы шарт.

Повышение доходов от научных исследований должна осуществляться преимущественно за счет увеличения поступлений от выполнения научных и экспертно-аналитических работ по договорам с хозяйствующими субъектами и органами государственного управления.

НАН КР, продолжая актуальные фундаментальные и прикладные исследования будет стремиться достижению степени научных исследований, соответствующих целям инновационного развития экономики, динамичному сбалансированному развитию академической инновационной системы и стать исследовательским центром высшего уровня, нацеленным на решение задач и целей, поставленных Стратегией устойчивого развития Кыргызской Республики на 2018-2040 гг. «Таза Коом – Жаңы доор» и Программой «Жаңы доорго – Кырк кадам», Кадам 7: «Из калтырчу илим».





***Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын 2017-жылдагы илимий-уюштуруу иштеринин негизги жыйынтыктары***

***Б.М.Дженбаев, КР УИА президиумунун Башкы окумуштуу катчысы, биология илимдеринин доктору***

***Основные итоги научно-организационной деятельности Национальной академии наук Кыргызской Республики в 2017 году***

***Б.М.Дженбаев, Главный ученый секретарь Президиума НАН КР, доктор биологических наук***

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы бир катар ийгиликтерге жетише алды. КР УИА ИИМ илимий-уюштуруучулук иштеринин жыйынтыктары үч тармактык, бир аймактык бөлүм жана президиум аппаратынын материалдарында чагылдырылган. 2017-жылда КР УИАда 20 илимий изилдөө мекемеси (анын 19у илим изилдөө институту) жана Ботаникалык бак иштеди. Факт боюнча ал илимий-изилдөө мекемелеринде иштеген адамдардын саны жыл аягына карата 1903 адам болуп (2016-жылы – 1986), анын ичинен 1005 (52,8%) илимий кызматкер (2016-ж. - 51,05 %) түзгөн. ФТМжТГИ бөлүмүндө 8 ИИМ, аларда 826 кызматкер (КР УИА кызматкерлеринин 43,4%; 2016-ж. 42,04% түзгөн) иштейт; ХТМБжАЧИ бөлүмүндө – 476,5 кызматкер (КР УИА кызматкерлеринин 25,03%; 2016-ж. - 25,08 %) иштеген 5 ИИМ; ГжЭИ бөлүмүндө 4 илимий изилдөө мекемесинде 235 кызматкер (КР УИА кызматкерлеринин 12,34%; 2016-ж.- 13,49% ); ТБ – 3 ИИМде 254 кызматкер (КР УИА кызматкерлеринин 13,34%; 2016-ж. - 12,63%) эмгектенди.

КР УИАнын штаттык сан-эсебин талдоо көмөкчү кызматкерлердин саны бир аз кыскарганын көрсөттү. 2017-жылы илимий кызматкерлер КР УИА кызматкерлеринин 52,8% түзүп, 2016-жылга караганда 1,75% өскөн (2016-жылы 51%). Бул илимдер академиясынын жогору потенциалы сакталып калганын жана мындан ары дагы академиялык илимдин атаандаштыкка туруктуулугун жогорулатуу мүмкүнчүлүктөрү бар экенин айгинелейт.

КР УИА илимий кызматкерлеринин ичинде илимдин 303 кандидаты жана 164 доктору бар. Илимдин докторлору жалпы илимий

В 2017 году Национальная академия наук КР достигла определенных успехов и основные итоги научно-организационной деятельности НИУ НАН КР отражены в материалах трех отраслевых, одного регионального отделения и аппарата президиума. В НАН КР функционируют 20 НИУ, из них 19 НИИ и Ботанический сад. Фактически, в указанных научно-исследовательских учреждениях на конец года число работающих составило 1903 человека (1986 г. – в 2016 г.), из которых 1005 (52,8%) являются научными сотрудниками (51,05% – в 2016 г.). ОФТМиГГН объединяет 8 НИУ с 826 сотрудниками (43,4% от численности сотрудников НАН КР; 42,04% – в 2016 году); ОХТМБиСХН – 5 НИУ с 476,5 сотрудниками (25,03% от численности сотрудников НАН КР; в 2016 году - 25,08 %); ОГиЭН – 4 НИУ с 235 сотрудниками (12,34% от численности сотрудников НАН КР; в 2016 году - 13,49% ); ЮО – 3 НИУ с 254 сотрудниками (13,34% от численности сотрудников НАН КР; в 2016 году - 12,63%).

Мониторинг штатной численности персонала НАН КР выявил уменьшение численности вспомогательного персонала, в 2017 году удельный вес научных сотрудников в общей численности сотрудников НАН КР составил 52,8% против 51% в 2016 году и наметился небольшой рост в 1,75%. Что позволяет говорить о сохранении высокого потенциала НАН КР и возможности дальнейшего повышения конкурентоспособности академической науки.

Среди научных сотрудников НАН КР – 303 кандидата и 164 доктора наук. Доктора наук среди научных сотрудников НАН КР состав-

кызматкерлеринин санынын 16,31 % түзөт (2016-жылы 19,92%), бөлүмдөр боюнча: ФТМжТГИБ – 12,29%, ХТМБжАЧИБ – 15,84 %, ГжЭИБ – 20,64%, ТБ – 19,53%. КР УИАдагы 35 жашка чейинки кызматкерлердин саны бир аз өскөнү байкалды: жалпы кызматкерлердин 23,85 %, ФТМжТГИБ – 23,12 %, ХТМБжАЧИБ – 27,31 %; ГжЭИБ – 27,23 %, ТБ – 17,32 %. Пенсия курагындагы кызматкерлер - 27,85%.

Илимий изилдөө иштери 135(122–в2016г.) долбоор боюнча жүргүзүлдү. Анын ичинде бюджеттен каржыланганы 40 (29,85 %), эл аралык фонддордун гранттарынан – 38 (27,61 %), чарбачылык эсеп боюнча – 52 (38,80 %), КР БИМ гранттарынан – 5 (3,73 %). Бюджеттен каржыланган 40 долбоордун 23ү ФТМжТГИБде (57,5%), ХТМБжАЧИБде – 6 (15,0 %), ГжЭИБде – 8 (20,0%), ТБда – 3 (7,5 %) аткарылды.

Илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды каржылоонун жетишсиздиги жана натыйжасыздыгы КР УИА илимий-техникалык ишмердүүлүгү жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашырууга тоскоол болгон олуттуу көйгөй болуп саналат. КР УИАда өткөрүлүп жаткан илимий-изилдөөлөрдүн деңгээли ИИМ материалдык-техникалык потенциалынын абалынан, баарынан мурда заманбап жабдуулардан көз каранды.

2017-жылы КР УИА өткөрүлүүчү илимий-изилдөөлөрдү каржылоого бюджеттен 329849,2 миң сом (ИДП 0,06%) бөлүнгөн. Бул 2016-жылга караганда 19347,6 миң сомго көп. Каржылоонун төмөнкү статьяларына 2017-жылы арбынырак бөлүндү: жабдууларды сатып алуу 48818,9 миң сом (2016-ж. –29392,6 миң сом); учурдагы оңдоп-түзөөгө – 4088,4 миң сом (2016-ж.–1183,9 миң сом). Ал эми ар кандай чыгымдарды каржылоо – 6110,1 миң сомго (2016-ж.- 20994,9 миң сом) кыскартылды. ФТМжТГИ бөлүмүнө 110721,7 миң сом бөлүнгөн, ал бюджеттин 33,56 % түзөт (2016-жылы 36,88 %, же 114518,2 миң сом болгон). ХТМБжАЧИ бөлүмүнө 69190,4 миң сом, же 20,97 % (в 2016-ж.- 70858,6 миң сом же 22,82%), ГжЭИБ 75908,5 миң сом, же бюджеттин 23,01 % (2016-жылда 41447,7 миң сом же 13,34) ТБ 27438,5 миң сом, же 8,31% (2016-жылда 7,91 %, же 24568,8 миң сом) бөлүнгөн.

КР БжИМ гранттарынын каржылоосу менен илимдер академиясында 843 миң сомдук (2016-жылы 610,0 миң сом) иштер аткарылган: ФТМжТГИБ - 40 миң сом суммасында 1 долбоор; ХТМБжАЧИБ 100,0 миң сом суммасында 1 долбоор, ГжЭИБ 50,0 миң сом суммасында 1 долбоор жана ТБ 653 миң сомго 2 долбоор.

Чарбалык келишимдер боюнча КР УИАда 12965,3 миң сом (11670,2 миң сом – 2016-ж.) суммасында каржыланган илимий изилдөөлөр аткарылды: ФТМжТГИБ –49 долбоор 11247,306 миңсомго (9654,1 миңсом–2016-ж.); ХТМБжАЧИБ –1700,0 миң сомго 2 долбоор (1851,2 миң сом –2016-ж.); ТБ –18 миң сомго бир долбоор (164.9 миң сом –2016-ж.).

КР УИАнын бюджеттен тышкары каржылануусу продукцияны сатууну эске алганда жалпысынан 66053,9348 миң сомду түздү (2016-жылы 71767,358 миң сом). Бул КР УИА бюджетинин 20,02 % барабар. Бюджеттик жана бюджеттен тышкары каржылоонун катышы- 4,99. ФТМжТГИБ бюджеттен тышкары каржылоо 41364,732 миң сомду (285069,76 миң сом – 2016-ж.), ХТМБжАЧИБ – 17113,691 миң сомду (34342,8миң сом – 2016-ж.), ГжЭИБ – 1736,04 миң сомду (841,48 миң сом – 2016-ж.), ТБ – 7181.762 миң сомду (4316,820 миң сом – 2016-ж.) түздү.

Илимий-изилдөө мекемелеринде илимий иштердин 35 натыйжасы ишке киргизилип, 1273,2 миң сомго илимий продукция сатылган (7082,49 миң сом –2016-ж.): ФТМжТГИБ – 26 ишке киргизүү (25 –2016-ж.) жана 67,9 миң сомдук илимий продукция (2186,2 миң сом – 2016 ж.); ХТМБжАЧИБ – 7 ишке киргизүү (13– 2016-ж.) жана 479,9 миң сомдук продукция (4201,6 миң сом – 2016-ж.); түштүк бөлүмүндө 725,4 миң сомдук продукция сатылган (192,198 миң сом –2016-ж.).

КР УИА окумуштуулары 26 техникалык чечимдерди патенттешкен (2016-ж. - 42), патент берүүгө 4 оң чечим алынган (4 –2016-ж.): ФТМжТГИБ боюнча 17 патент (32 – 2016-ж.), ХТМБжАЧИБ – 9 патент (7 – 2016-ж.), ТБ – 0 патент (3 – 2016-ж.). Илимдер академиясынын адистери 49 эл аралык жана аймактык долбоорлор менен ченемдерди мамлекеттик экспертизадан өткөрүштү, анын ичинде ФТМжТГИБ – 9 мамэкспертиза; ХТМБжАЧИБ – 40 мамэкспертиза.

Илимий иштердин натыйжасы боюнча КР УИА кызматкерлери 1124 (2016-ж. 1350) иш жарыялашкан, анын 451 (521 – в 2016 г.) же 40,5% чет өлкөдө чыккан. Публикациялардын ичинде 38и (34 –2016-ж.) монография, анын жетөө чет өлкөдө (5 – 2016-ж.) жана 51 окуу китеби (32 – 2016-ж.). ФТМжТГИБ окумуштуулары 493 (600– 2016-ж.) иш, анын 207си (211– в 2016 г.) же 41,9% (34,59% – 2016-ж.) чет өлкөдө жарыялашкан, анын ичинде 10 мо-

ляют 16,31 %, (19,92% – в 2016 году), а в разрезе отделений: ОФТМиГГН – 12,29%, в ОХТМБиСХН – 15,84 %, в ОГиЭН – 20,64%, в ЮО – 19,53%. Наметился очень небольшой рост количества сотрудников НАН КР в возрасте до 35 лет, удельный вес которых составил 23,85 %, в ОФТМиГГН – 23,12 %, в ОХТМБиСХН – 27,31 %; в ОГиЭН – 27,23 %, в ЮО – 17,32 %. Сотрудники пенсионного возраста составляют 27,85%.

НИР выполнялись по 135 (122 – в 2016 г.) проектам, в том числе на бюджетной основе 40 (29,85 %), на гранты международных фондов – 38 (27,61 %), на хозрасчетной основе – 52 (38,80 %), на гранты МОН КР – 5 (3,73 %). Из 40 проектов, выполненных по бюджету: в ОФТМиГГН – 23 (57,5%), в ОХТМБиСХН – 6 (15,0 %), в ОГиЭН – 8 (20,0%), в ЮО – 3 проекта (7,5 %).

Недостаточность и неэффективность финансирования научных исследований и разработок остается важнейшей проблемой, сдерживающей реализацию государственной политики в сфере научно-технической деятельности НАН КР. Уровень проводимых в НАН КР научных исследований определяется состоянием и наличием материально-технического потенциала НИУ, прежде всего это касается современного оборудования.

Так, на финансирование НИР НАН КР в 2017 году из бюджета было выделено 329849,2 тыс. сом (0,06% ВВП), что на 19347,6 тыс. сом больше, чем в 2016 году. Наиболее существенное финансирование было выделено в 2017 году по следующим статьям: на приобретение оборудования выделено 48818,9 тыс. сом (в 2016 г. – 29392,6 тыс. сомов); текущий ремонт – 4088,4 тыс. сом (1183,9 тыс. сом – в 2016 г.); были сокращены финансирование прочих расходов – 6110,1 тыс. сом (20994,9 тыс. сом – в 2016 г.). ОФТМиГГН выделено 110721,7 тыс. сом, что составляет 33,56 % бюджета (36,88 %, или 114518,2 тыс. сом – в 2016 г.) НАН КР. Доля ОХТМБиСХН составила 20,97 % (22,82% – в 2016 г.). Было выделено 69190,4 тыс. сом (70858,6 тыс. сом – в 2016 г.). ОГиЭН выделено 75908,5 тыс. сом, или 23,01 % бюджета (13,34 %), 41447,7 тыс. сом – в 2016 г.). Доля ЮО составляет 8,31%, или 27438,5 тыс. сом (7,91 %, или 24568,8 тыс. сом – в 2016 г.).

По грантам МОН КР в НАН КР выполнены работы на сумму 843 тыс. сом (610,0 тыс. сом – в 2016 г.): в ОФТМиГГН – по одному проекту на сумму 40 тыс. сом; ОХТМБиСХН по 1 проекту на сумму 100,0 тыс. сом, в ОГиЭН 1 проекту на 50,0 тыс.сом и ЮО по 2 проектам на 653 тыс.сом.

НИР по хоздоговорам выполнены в НАН КР на сумму 12965,3 тыс. сом (11670,2 тыс. сом – в 2016 г.): в ОФТМиГГН – по 49 проектам на сумму 11247,306 тыс. сом (9654,1 тыс. сом – в 2016 г.); в ОХТМБиСХН – по 2 проектам на сумму 1700,0 тыс. сом (1851,2 тыс. сом – в 2016 г.); в ЮО – по одному проекту на сумму 18 тыс. сом (164,9 тыс. сом – в 2016 г.).

Общая сумма внебюджетного финансирования НАН КР составила 66053,9348 тыс. сом с учетом реализации продукции (71767,358 тыс. сом – в 2016 г.), что составляет 20,02 % бюджета НАН КР. Соотношение бюджетного и внебюджетного финансирования равно 4,99. В ОФТМиГГН сумма внебюджетного финансирования составила 41364,732 тыс. сом (285069,76 тыс. сом – в 2016 г.), в ОМБиСХН – 17113,691 тыс. сом (34342,8тыс. сом – в 2016 г.), в ОГиЭН – 1736,04 тыс. сом (841,48 тыс. сом – в 2016 г.), в ЮО – 7181.762 тыс. сом (4316,820 тыс. сом – в 2016 г.).

Выполнено 35 внедрений и реализовано научной продукции на сумму 1273,2 тыс. сом (7082,49 тыс. сом – в 2016 г.): в ОФТМиГГН – 26 внедрений (25 – в 2016 г.) и реализовано научной продукции на сумму 67,9 тыс. сом (2186,2 тыс. сом – в 2016 г.); в ОХТМБиСХН – 7 внедрений (13– в 2015 г.) и реализовано продукции на сумму 479,9 тыс. сомов (4201,6 тыс. сом – в 2016 г.); в ЮО реализовано продукции на сумму 725,4 тыс. сом (192,198 тыс. сом – в 2016 г.).

Учеными НАН КР запатентовано 26 технических решений (42 – в 2016 г.), получено 4 положительных решения о выдаче патентов (4 – в 2016 г.): по ОФТМиГГН получено 17 патентов (32 – в 2016 г.), по ОХТМБиСХН – 9 патентов (7 – в 2016 г.), по ЮО – 0 патента (3 – в 2016 г.). Ученые НАН КР выполнили 49 гос - экспертиз международных и региональных проектов и нормативов, в том числе ОФТМиГГН – 9 госэкспертиз; ОХТМБиСХН – 40 госэкспертиз.

По результатам НИР сотрудниками НАН КР опубликовано 1113 (1350– в 2016 г.) работ, из них 451 (521 – в 2016 г.) за рубежом, что составляет 40,5%. Среди публикаций 39 (34 – в 2016 г.) монографий, 7 из которых изданы за рубежом (5 – в 2016 г.) и 51 учебников и пособий (32 – в 2015 г.). Учеными ОФТМиГГН опубликовано 493 (600– в 2016 г.) работы, из них 207 (211– в 2016 г.) за рубежом –41,9% (34,59% – в 2016 г.), в числе публикаций 10

нография (11 – 2016-ж.) жана 16 окуу куралы бар (10 – 2016-ж.). ХТМБжАЧИБ боюнча 254 (331– 2016-ж.) иш, анын 139у (184 – в 2016 г.) чет өлкөдө жарыяланган (54,72%), 4 монография (2016-ж. 7 ), 13 окуу куралы (11 – 2016-ж.) чыгарылган. ГжЭИБ 284 (320 – 2016-ж.) иш, анын ичинде 67 (88– 2016-ж.) чет өлкөдө – 23,59 % жарыяланган, алардын 23 монография жана 16 окуу куралы (7– 2016-ж.). ТБ 82 (89 – 206-ж.) иш жарыяланган, анын 38и (43 –2016-ж.) чет өлкөдө (46,23%), 2 монография (1 –2016-ж.) жана 2 окуу куралы басылып чыккан (2016-ж. – 5).

Өткөн жылга салыштырмалуу КР УИА окумуштууларынын чет өлкөлөрдө илимий иштерин жарыялоосу азаюу тенденциясын көрсөттү (жалпысынан 451 иш (2016-ж. – 521)).

КР УИА ИИМ базасында 11 диссертациялык кеңеш жана бир мамлекет аралык диссертациялык кеңеш иш жүргүздү. Аларда 37 илимий багыт боюнча диссертациялар жакталат. Өткөн жылда 17 доктордук жана 69 кандидаттык диссертация (2016-жылда –12 доктордук жана 77 кандидаттык) жакталган, алардын ичинде илимдин 7 доктору менен 40 кандидаты ЖОЖдор үчүн даярдалган. (2016-жылы – 3 жана 39). ФТМжТГИ бөлүмүндө 17 кандидаттык жана 4 доктордук диссертация жакталган. ХТМБжАЧИБда 6 кандидаттык диссертация жакталган. ГжЭИ бөлүмүндө 13 доктордук жана 44 кандидаттык диссертация, ал эми Түштүк бөлүмүндө 2 кандидаттык диссертация жакталган.

Улуттук илимдер академиясынын аспирантурасында 374 аспирант (319 – 2016-ж.), окуйт: күндүзгү бөлүмдө – 119, сырттан окуу бөлүмүндө – 255. ФТМжТГИБда 57 аспирант, ХТМБжАЧИБда – 54, ГжЭИБда – 225, ТБда – 38. Отчеттук жылда 135 аспирант кабыл алынып, алардын 38си күндүзгү бөлүмдө, 97си сырттан окуу бөлүмүндө. Өткөн жылга салыштырмалуу аспиранттардын саны 14,71% жогорулады.

Жаш илимий кадрларды даярдоого зор маани берген КР УИАсы бир катар иш чараларды КР УИА жаш окумуштуулар кеңеши менен биргеликте өткөрдү. Маселен, илимдер академиясынын жаш окумуштуулары арасында «Жаш окумуштуулардын инновациялык долбоорлору-2017» илимий иштердин сынагы өткөрүлүп, натыйжада мыкты иштер дипломдор жана акчалай байгелерге ээ болушту.

Акыркы маалыматтар боюнча 35 жашка чейинки жаш окумуштуулардын салыштырма салмагы 23,85 % түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу бир аз өскөнү байкалат (23,36% – 2016-ж.).

монографий (11 – в 2016 г.) и 16 учебников и 10 пособий в 2016 г. По ОХТМБиСХН опубликовано 254 (331– в 2016 г.) работы, из них 139 (184 – в 2016 г.) за рубежом (54,72%), издано 4 монографии (7 – в 2016 г.), 13 учебников и пособий (11 – в 2016 г.). По ОГиЭН опубликовано 284 (320 – в 2016 г.) работы, из них 67 (88– в 2016 г.) за рубежом – 23,59 %, в числе публикаций 23 монографии и 16 учебников и 7 пособий в 2016 г. По ЮО опубликовано 82 (89 – в 2015 г.) работы, из них 38(43 – в 2016 г.) за рубежом (46,23%), изданы 2 монографии (1 – в 2016 г.), 2 учебника и 5 пособий в 2015 г.

По сравнению с предыдущим годом наблюдается тенденция снижения количества зарубежных научных публикаций ученых НАН КР – 451 в общей сложности (в 2016 г. – 521).

На базе НИУ НАН КР действуют 11 диссертационных советов и один межгосударственный диссертационный совет, в которых защищаются диссертации по 37 научным специальностям. В текущем году защищены 17 докторских и 68 кандидатских диссертаций (в 2016 г. – соответственно 12 и 77), в т.ч. для вузов подготовлены 7 докторов и 40 кандидатов наук (в 2016 г. – соответственно 3 и 39). По ОФТМиГГН защищено 17 кандидатских и 4 докторских диссертаций. По ОХТМБиСХН защищены 6 кандидатских диссертаций. По ОГиЭН защищены 13 докторских и 44 кандидатских диссертаций. По ЮО защищены 2 кандидатские диссертации.

В аспирантуре Академии наук обучаются 374 аспирантов (319 – в 2016 г.), в том числе: на очном обучении – 119, на заочном – 255. В ОФТМиГГН обучаются 57 аспирантов, в ОХТМБиСХН – 54, в ОГиЭН – 225, в ЮО – 38. В отчетном году были зачислены 135 аспирантов, из них 38 – на очное отделение, 97 – на заочное. По сравнению с прошлым годом количество аспирантов увеличилось на 14,71%.

Учитывая важность работы по подготовке молодых научных кадров, НАН КР систематически проводит ряд мероприятий, в том числе совместно с Советом молодых ученых НАН КР проведен конкурс научных работ среди молодых ученых НАН КР «Инновационные проекты молодых ученых - 2017». По результатам конкурса лучшие работы были награждены дипломами и денежными призами.

По последним данным, удельный вес ученых НАН КР в возрасте до 35 лет составляет 23,85 %, по сравнению с прошлым годом немного выросло количество молодых специалистов (23,36% – 2016 г.).



КР УИАнын 245 кызматкери, анын ичинде илимдин 88 доктору жана 143 кандидаты ЖОЖ дордо сабак беришет: ФТМжТГИБ – 94 кызматкер; ХТМБжАЧИБ – 55; ГжЭИБ – 51; ТБ – 45 кызматкер.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясында 2017-жылы КР УИАнын жалпы чогулушунун 4 сессиясы өткөрүлдү.

2017-жылдын 31-мартында Жалпы чогулуштун жылдык сессиясы болуп, анда Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын акыркы 5 жыл ичиндеги ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы чыгарылып, алдыга жаңы милдеттер коюлду. Ошондой эле чогулушта Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президенти академик Эркебаев А.Э. өз кызматынан кетүү ниетин билдирип, арызын берди.

2017-жылдын 14-июлунда Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Жалпы чогулушу өткөрүлүп, анда КР УИАнын жаңы Уставы бекитилди.

2017-жылдын 31-октябрында Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Президентин шайлоо боюнча Жалпы чогулуш өткөрүлдү. КР УИА жаңы Уставына ылайык Жалпы чогулуштун курамы УИАнын анык мүчөлөрүнөн (академиктеринен), корреспондент-мүчөлөрүнөн, илимий бөлүмдөрдүн жетекчилеринен жана алдыңкы окумуштуулардан турат.

Жашыруун добуш берүүнүн жыйынтыгында КР УИАнын президенттигине академик Мурат Садырбекович Джуматаев дээрлик бир добуштан шайланды.

2017-жылдын 28-ноябрында КР УИА вице-президентин, КР УИА президиумунун Башкы окумуштуу катчысын, КР УИА президиумунун мүчөлөрүн шайлоо боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын жалпы чогулушу болуп өттү. Басымдуу көпчүлүк добуш менен КР УИА вице-президенти болуп корреспондент-мүчө О.А. Тогусаков, КР УИА президиумунун Башкы окумуштуу катчылыгына б.и.д. Б.М. Дженбаев, КР УИА президиумунун мүчөлөрү болуп академик С.А. Джумабеков, корреспондент-мүчөлөр Р.З. Нургазиев, С.Ж. Мусаев, П.С. Панков, К.Ч. Кожогулов, м.и.д. Г.С. Джунусова, ф.и.д. И. С. Шисыр шайланышты.

Отчеттук жылда КР УИА президиумунун 13 отуруму, 12си план боюнча, бирөө сурамжылоо жолу менен өттү. Алардын ичинде Улуттук академиянын мүчөлөрү, илимий

245 сотрудников НАН КР, из которых 88 докторов и 143 кандидата наук являются совместителями в вузах: по ОФТМиГГН – 94 сотрудника; по ОХТМБиСХН – 55; по ОГиЭН – 51; по ЮО – 45.

В Национальной академии наук Кыргызской Республики в 2017 году проведены 4 сессии Общего собрания НАН КР.

31 марта 2017 года состоялась годичная сессия Общего собрания, в котором были подведены итоги деятельности Национальной академии наук Кыргызской Республики за последние 5 лет и были поставлены новые задачи. Также президент Национальной академии наук Кыргызской Республики, академик Эркебаев А.Э. подал заявление о сложении своих полномочий.

14 июля 2017 г. состоялось общее собрание Национальной академии наук Кыргызской Республики по принятию нового Устава НАН КР.

31 октября 2017 г. состоялась сессия Общего собрания Национальной академии наук Кыргызской Республики по выборам президента Национальной академии наук Кыргызской Республики. Согласно нового Устава НАН КР общее собрание НАН представлено действительными членами (академиками), член-корреспондентами, руководителями научных учреждений и ведущими учеными НАН КР.

По результатам тайного голосования подавляющим большинством голосов Президентом НАН КР был избран академик Джуматаев Мурат Садырбекович.

28 ноября 2017 года состоялась сессия Общего собрания Национальной академии наук Кыргызской Республики по выборам вице-президента, главного ученого секретаря Президиума НАН и членов президиума НАН КР. Большинством голосов были избраны: вице-президентом НАН КР член-корреспондент Тогусаков О.А., главным ученым секретарем президиума НАН КР – д.б.н. Дженбаев Б.М., членами президиума: академик Джумабеков С.А., член-корреспонденты: Нургазиев Р.З., Мусаев С.Ж., Панков П.С., Кожогулов К.Ч., д.м.н. Джунусова Г.С., д.ф.н. Шисыр И. С.

В отчетном году состоялись 13 заседаний Президиума НАН КР, включая расширенные заседания президиума с участием членов НАН КР и директоров НИУ НАН КР, на которых были рассмотрены новый Устав НАН

изилдөө мекемелеринин директорлорунун катышуусу менен кеңейтилген отурумдар дагы өткөрүлүп, КР УИА жаңы уставы, КР УИА ИИМ оптималдаштыруу маселелери каралды. Илимдер академиясынын ишмердүүлүгүнө байланыштуу 73 токтом кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын Илим күнүнө карата Билим берүү жана илим министрлигинин илим департаменти менен биргикте салтанаттуу чогулуш уюштурулуп, ага Кыргыз Республикасынын Премьер-министри С.Ж.Исаков катышты. Чогулуш менен катар республиканын бардык илимий мекемелеринин иштеп чыгууларынын жана маанилүү жетишкендиктеринин көргөзмөсү да өткөрүлдү. Бул жылы Улуттук илимдер академиясынын системасында көп жылдык ак ниеттүү эмгеги үчүн КР УИАнын 5 кызматкерине «КР УИА эмгек сиңирген кызматкери» наамы ыйгарылып, КР УИА Ардак грамотасы менен 21 кызматкер, КР УИА Мактоо баракчасы менен 29 кызматкер сыйланды.

